# Дайыр Исмадияров — Адашкан жакын жолдор

*Сөзү : Тайчабаров К.*
*Обону : Маматов Э.*

Ойлорумду бүт кыял ээледи,
Жолуң карайм же жообуң келбеди.
Үмүт мени алаксытты го,
Сезимимдин сен күчүн сезбедиң.
Кыялымды сен жалгыз ээледиң,
Сунушума же жооп бербедиң.
Сенсиз мага жашоо кызыксыз,
Жаным, сагынтат келбетиң.

Кайырма:

Сен же мени кагып салбайсың,
Жообун айтпайсың.
Үмүттү кусага салдың,
Мен сүйүүңдү күтө беремин.
Күтүп келгенмин бакытым менин,
Сен же мени кагып салбайсың.
Жообун айтпайсың,
Үмүттү кусага салдың.
Мен ишенем бирге болобуз,
Адашкан жакын жолдордобуз.
Махабатым үмүттүү карайт,
Кыялдарым бир өзүңдү самайт.
Ашыгына жетпей кыйналып,
Байкуш жүрөк сүйүүдөн ыйлайт.
Күндөр өтөт мезгил айланып,
Кусалыкка биз калдык байланып.
Күттүрбөстөн макул болчу сен,
Жаным, сезимди жайгарып…

Кайырма: